# Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2013-жылдын февраль айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдерин жайгаштыруунун чогуу алгандагы көлөмү февраль айында 592,5 млн. сомду түзүү менен 32,2 пайызга көбөйгөн. Коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн жогорулашынан улам, суроо-талап көлөмү 869,4 млн. сомго чейин (14,7 пайызга) көбөйгөн. Жыйынтыгында, жүгүртүү мөөнөтү 6 жана 12 айлык баалуу кагаздарды сатуу көлөмү жогорулаган. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВларды сатуу 54,6 пайызга, 200,0 млн. сомго чейин көбөйгөн; жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВларды сатуулар 26,9 пайызга өсүү менен 375 млн. сомду түзгөн. Ал эми жүгүртүү мөөнөтү 3 айлык векселдерди сатуу тескерисинче, 37,5 пайызга, 12,5 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,4 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү февраль айында 0,2 пайыздык пунктка төмөндөп, 9,5 пайызды түзгөн, 3 айлык МКВлар – 0,2 пайыздык пунктка төмөндөө менен 5,3 пайызга чейин, ал эми 6 айлык МКВлар – 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 6,5 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**



Февраль айында суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 14,7 пайызга көбөйүү менен 217,4 млн. сомду түзгөн, сатуунун орточо аукциондук көлөмү да 32,2 пайызга, 148,1 млн. сомго чейин көбөйгөн.

Бюджет тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү январь айында 258,6 млн. сомго чейин (2,7 эсеге) кыйла көбөйгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 595,2 млн. сом суммасына мурда эмитирленген МКВлар үчүн олуттуу төлөөлөр ишке ашырылган. Ушуга байланыштуу, таза каржылоонун суммардык маанисинин чогуу алгандагы айкын наркы боюнча сатуу көлөмүнө карата катышы катары эсептелинген МКВ рыногунун эффективдүүлүгү жыл башынан бери 29,3 пайызды түзүү менен январь айынын акырындагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 2,3 пайыздык пунктка жогорулаган.

Чыгарылган МКВлардын жалпы көлөмүндөгү жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлар үлүшүнүн жогорулоосунун эсебинен дюрация көрсөткүчү 162 күндөн 166 күнгө чейин көбөйгөн.

Жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү өткөн айга салыштырмалуу февраль айында 4,4 млрд. сомго чейин жогорулаган (+4,0 пайыз): көбөйүү 3,5 пайызды түзүү менен резидент-юридикалык жактардын портфелине гана таасирин тийгизген (+2,4 пайыз).

Коммерциялык банктардын үлүшү тескерисинче, 0,9 пайыздык пунктка азайган, институционалдык инвесторлордун үлүшү да 1,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми жеке адамдардын үлүшү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу өзгөрүүсүз калган.

МКВларга ээлик кылуучулар портфелдерин үлүштүк салыштырууда, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 84,2 пайыздан 83,3 пайызга чейин, институционалдык инвесторлордуку - 14,5 пайыздан 13.1 пайызга чейин төмөндөгөндүгү белгиленген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, экинчилик рынокто МКВ менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Февраль'2012 | 12.0 | 6.5 | 11.3 | 13.4 |
| Март | 11.9 | - | 10.7 | 12.3 |
| Апрель | 10.3 | 6.5 | 8.8 | 10.8 |
| Май | 9.9 | 6.6 | 8.1 | 10.2 |
| Июнь | 9.4 | 6.6 | 7.8 | 10.0 |
| Июль | 8.5 | 6.3 | 7.3 | 9.4 |
| Август | 8.2 | 6.0 | 7.1 | 9.4 |
| Сентябрь | 8.7 | 5.5 | 7.0 | 9.9 |
| Октябрь | 9.0 | 6.1 | 7.2 | 10.2 |
| Ноябрь | 9.3 | 5.7 | 7.0 | 10.1 |
| Декабрь | 9.0 | 5.2 | 6.8 | 9.5 |
| Январь '2013 | 8.6 | 5.6 | 6.7 | 9.7 |
| Февраль | 8.4 | 5.3 | 6.5 | 9.5 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | ардыгы бол | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке | | Резидент юридик. | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.03.2012 | 3,642,003.0 | 0.0 | 0% | 2,839,026.4 | 78.0% | 637,663.9 | 17.5% | 20,192.3 | 0.6% | 145,120.4 | 4.0% | 0.0 | 0.0% |
| 01.04.2012 | 3,802,423.0 | 0.0 | 0% | 3,005,516.9 | 79.0% | 631,709.3 | 16.6% | 18,898.8 | 0.5% | 146,298.0 | 3.8% | 0.0 | 0.0% |
| 01.05.2012 | 3,931,115.0 | 0.0 | 0% | 3,155,496.6 | 80.3% | 623,228.2 | 15.9% | 21,541.1 | 0.5% | 130,849.1 | 3.3% | 0.0 | 0.0% |
| 01.06.2012 | 4,018,528.0 | 0.0 | 0% | 3,174,357.1 | 79.0% | 700,074.6 | 17.4% | 17,004.5 | 0.4% | 126,011.8 | 3.1% | 1,080.0 | 0.03% |
| 01.07.2012 | 4,120,877.0 | 0.0 | 0% | 3,210,203.8 | 77.9% | 780,516.2 | 18.9% | 14,226.7 | 0.3% | 114,850.3 | 2.8% | 1,080.0 | 0.03% |
| 01.08.2012 | 4,358,327.0 | 0.0 | 0% | 3,288,649.3 | 75.5% | 953,330.3 | 21.9% | 13,843.2 | 0.3% | 101,424.2 | 2.3% | 1,080.0 | 0.02% |
| 01.09.2012 | 3,850,475.0 | 0.0 | 0% | 3,156,830.1 | 82.0% | 631,022.4 | 16.4% | 8,565.8 | 0.2% | 52,976.7 | 1.4% | 1,080.0 | 0.03% |
| 01.10.2012 | 3,783,180.0 | 0.0 | 0% | 3,104,572.8 | 82.1% | 610,877.4 | 16.1% | 7,601.3 | 0.2% | 59,048.5 | 1.6% | 1,080.0 | 0.03% |
| 01.11.2012 | 3,824,430 | 0 | 0.0% | 3,136,292 | 82.0% | 636,081 | 16.6% | 5,034 | 0.1% | 45,944 | 1.2% | 1,080 | 0.0% |
| 01.12.2012 | 4,056,400 | 0 | 0.0% | 3,380,672 | 83.3% | 616,563 | 15.2% | 7,139 | 0.2% | 50,947 | 1.3% | 1,080 | 0.0% |
| 01.01.2013 | 4,099,690 | 0 | 0.0% | 3,406,475 | 83.1% | 638,306 | 15.6% | 7,119 | 0.2% | 46,710 | 1.1% | 1,080 | 0.0% |
| 01.02.2013 | 4,201,340 | 0 | 0.0% | 3,539,406 | 84.2% | 609,356 | 14.5% | 4,788 | 0.1% | 46,710 | 1.1% | 1,080 | 0.0% |
| 01.03.2013 | 4,371,370 | 0 | 0.0% | 3,641,840 | 83.3% | 571,776 | 13.1% | 5,289 | 0.1% | 151,385 | 3.5% | 1,080 | 0.0% |